УДК:81.373.612.2

А. Парпиева,
Ош мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу

СТИЛИСТИКАЛЫК КАРАЖАТ КАТАРЫ СИНЕКДОХА

СИНЕКДОХА КАК СТИЛИСТИЧЕСКИЙ РЕСУРС

THE SYNECDOCHE TO CONSIDER AS MEAN STILISTIC GENRES

Аннотация: *Макалада синекдоханы троптун түрү катары кароо менен лингвистикалык статусун аныктоо маселелери каралат.*
Түйүндүү сөздөр: *Синекдоха, метонимия, тилдик каражат.*
Аннотация: В заметке синекдоха расмотрится как вид тропа и уточняется вопросы для определения стилистического статуса синекдохи.
Ключевые слова: *Синекдоха, метонимия, речевые ресурсы.*
In article question of determination of the status of linguistics as a look the tract is specialized.
Key words: *synecdoche, metonymies, linguistic mean.*

Көпчүлүк илимпоз-усулчулардын изилдөөлөрүнө, тажрыйбалуу окутуучулардын байкоолоруна көз чаптырсак студенттердин адабий тилде пикир алышуусунда, жазма жана оозеки түрдө оюн, көз карашын чагылдыруу аркылуу аны түшүнүүсүнүн тууралыгы, толуктугу жана терендиги тилдик каражаттарды туура тандоо даражасына байланыштуу болот. Стилистика ар кандай кептик көп түрдүүлүктө тилдик каражаттардын функционалдуу закон ченемдүүлүктөрүн, тактоолорун орус лингвисти М.Н.Кожина белгилейт [5:109-б]. Стилистикалык коннатациялар кеп ишмердүүлүгүндө тилдик каражаттар аркылуу маалыматты жөн гана жеткирүү эмес, бардык жактан шайма-шай, түшүнүктүү, орундуу болуп алардын эң ийкемдүүсүн орду менен колдонуп, маанисин нормага салып туюндурууга үйрөтөт. Тилдик каражаттар адабий тилдин нормасында сүйлөөдө, курчап турган дүйнө менен болгон байланыш аркылуу башка адамдардын сөзүн угууда, айтылган маалыматтын маани-маңызын түшүнө билүүдө ошондой эле өзүнүн ой - пикирин так, туура, түшүнүктүү, логикалуу, маданияттуу, таасирдүү билдирүүдө абдан маанилүү.

Стилистикалык каражаттардын боектуулугунун ыкка ылайыктуу пайдаланылышы – стилистикада дааналыкты жаратат. Грамматикалык жактан туура, ийкемдүү, логикалуу тилдик каражаттарды колдонууну жана кепте алар аркылуу кыйытып айтылган ойду, подтексттик маалыматтын негизги маанисин талдап түшүнүүнү, сүйлөшүүнүн чөйрөлөрүндө ылгап үйрөнүүнү - стилистикалык коннатациялар шарттайт [6:196-б].

Стилистиканын бир бутагын троптун түрлөрү түзөт. Жөнөкөй сөз троп катары келгенде көркөмдүк күчкө ээ болот. Троп бул - кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү, окуяны, кубулушту образдуу түрдө сыпаттап көрсөтүү үчүн сөздөрдүн, сөз айкаштарынын сүйлөмдөрдү атама мааниде колдонулушу. Троптун түрлөрүнө метафора, метонимия, синекдоха, эпитет, гипербола, литота, салыштыруу, ирония, символ, перифраза, аллегория, жандандыруу жана башкалар кирет [2.48-б.]. Троптор экспрессивдүү-эмоционалдык боектуулукта төмөнкү тилдик: көркөм, публицистикалык жана оозеки сүйлөшүү стилдерде кеңири учурайт. Көркөм чыгармада троптор образды жеткиликтүү ачып берүүгө көмөктөшсө, оозеки сүйлөшүүдө сүйлөп жаткан жактын эмоционалдык абалынын максатына көз каранды [7.338-б.]. Троптор кайсы функционалдык стилде болбосун өзүнүн табияты боюнча окурманга окуяны, кубулушту же көрүнүштү жеткирүүдө, анын тарыхын, маданиятын образдуу, жандуу, баяндап жеткирет. Тарых өткөн жана болуп жаткан окуяны фактылар менен баяндаса, троптор кепте таасирдүүлүгү менен айырмаланат. Стилистикалык фигуралар аркылуу автор окурманга айтайын деген оюн билдирүүдө троптор «түстөрдүн» ролун аткарып, ар түрдүү экспрессивдүү боектуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Дүйнөнүн улуттук картинасында ар бир элдин менталитетинин, жаратылыштын жаныбарларынын, өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн образдуу сыпаттоодо троптор чыгармачылык менен пайдаланылып келет. Бул жагдайдан алып караганда лингвистикада троптор лексика-семантикалык кубулуш катары көп тармактуу. Мына ошол стилистикалык каражаттардын арасынан кепте өзгөчө экспрессивдүүлүгү, боектуулугу, таасирдүүлүгү менен айырмаланган троптун түрү - синекдоха болуп эсептелет. Троптун бул түрү - синекдоханын негизин, себебин түзгөн сөздөр, сөз айкаштары изилдөөнүн обьектиси болуп саналат. Анткени синекдоха көп кырдуу формаларга ээ.

Синекдоха – (гр. – «чогуу кабыл алуу») дегенди түшүндүрүп сөздөрдү алмаштырып, ооштуруп айтуунун бир түрү. Синекдоха сөздүн экспрессивдүүлүгүн күчө-

түү менен чектелбестен анын маанисин тереңдетип турат. Синекдоханын негизинде дегеле заттардын, кубулуштардын бири - бири менен болгон карым -катнашы жатат. Ушул жактан алып караганда синекдоха менен метонимиянын жакын экендигин тилчи – окумуштуу С. Сапарбаев «Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы» аттуу эмгегинде белгилейт. [8.79-б.] Заманбап лингвистиканын кээ бир булактарында синекдоха метонимиянын бир бөлүгү катары да каралып келет. Ал эми орус лингвист-окумуштуулары төмөнкүдөй ойлорун айткан.

Алсак, Д.Э. Розенталь; «Синекдоха троп сыяктуу бир сөздүн мааниси сандык белгиси боюнча бири экинчисине өтүп кетет», десе [7.341-б], ал эми Головин Б.Н. синекдоха деген терминдин учурдагы илимий изилдөөлөрдө тар масштабда колдонуларын, же болбосо эми гана изилденүүгө алына баштаганын белгилейт [4.95-б].

Кээ бир булактарда синекдохалык ыкмалардын моделдерин белгилүү бир доордо жашаган эл жаратат же турмуш өзгөчөлүктөрүнө жараша пайда болгон деген ойлор айтылат. Бирок синекдоханын өзүнө таандык касиети бар, башкача айтканда, метонимиядан айырмасы - заттардын өз ара катышынын сандык белгилери боюнча жасалгандыгында.

Метонимия (гр.-кайра атоо) – Сөздөрдүн өтмө мааниси аркылуу нерсенин өзгөчө белгисин бөлүп көрсөтөт: Кызыл-тазыл жоолуктар кылактап,алоолонгон кызыл желектер кылкылдап, ак элечектер кыркаал тизилип өзөн бою көз уялтат. [2.48-б] Метонимия көп учурда жекелик түрдө берилип, көпчүлүктү түшүндүрсө, ал эми синекдоха бүтүндүн ордуна бөлчөктүн, жалпынын ордуна жалкынын же болбосо ушунун эле тескерисинче бөлчөктүн ордуна бүтүндүн, жалкынын ордуна жалпынын колдонулушун атайбыз.

Синекдоха таасирдүү тилдик каражат катары көптөгөн окуу материалдарында, илимий энциклопедияларда айтылып келет .

Чындыгында эле, синекдоханын өзгөчөлүгү - бөлүктү атоо менен бүтүндү же тескерисинче аны колдонуу менен алаканга салгандай даана көрүнүп таасирдүү болуп чыга келишинде. Кичине аталыш менен чоң бүтүндүктү, бүтүндүк менен жалпылыкты синекдохалык ассоцация ачып берет.

Чыгармаларда синекдоха тилдик каражат катары боектуулукту, стилдик тиешелүүлүктү колдонуу абалын көрсөтөт. Таасирдүүлүктү камтуу менен экспрессивдүүлүктү, көркөмдүк кунарды жаратып, сөздөрдүн маанилери көркөм эстетикалык милдетти аткарат да маалыматты элестүү, образдуу чагылдырууга себеп болот. Синекдоха катары колдонулган сөздөрдүн маанилери адамдын акылына гана эмес, сезимине да таасир этип, чыгарманын көркөмдүүлүгүн таасирдүүлүгүн арттырат. Мындан улам синекдоха сөздөрдү окурман түшүнүп окуусу өтө маанилүү, алардын маңызын түшүнбөстүк же туура эмес түшүнүү сөз болуп жаткан нерсенин маанисин олуттуу өзгөртүп жиберүүсү мүмкүн.

Чыгаан жазуучу Айтматовдун көптөгөн чыгармаларында "Кызыл жоолук жалжалым", "Атадан калган туяк" ж.б. синекдоха арбын учурайт.

Мисалы, "Кызыл жоолук жалжалымда" ***кызыл жоолук*** «бойго жеткен кызды» туюндурат башкача айтканда бүтүндү анын бир бөлүгү аркылуу түшүндүрүүдө. Бул жерде синекдохага эквивалент мисал катары белгилүү француз акыны Шарль Перронун «Красная шапочка» жомогун келтирип кетсек болот.

Бүтүндүн ордуна бөлчөктүн, жалпынын ордуна жалкынын колдонулушу аркылуу сөздүн лексико-семантикалык мааниси кеңеет.

Синекдоха кыргыз тилинде жасалуу жолдору боюнча ар түрдүү [8.77-б].

Орус тилчи окумуштуулар синекдоханы метонимиядан ажыратып карашса, америкалык лингвисттер синекдоханы метонимиянын маанисин толуктап жана анын бир түрү деп аташкан. Синекдоха кыргыз тил илиминде линвистикалык тармакта өз алдынча троп болуп саналганы, алгылыктуу иликтөөлөр, тыянактар бар экенинен кабар берет. Троптор анын ичинен синекдоханы изилдеген лингвисттердин көз караштарынан кийин мисалдарды келтирүү менен төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот.

Бүтүн нерсени билүүдө анын айрым бир бөлүктөрү гана колдонулат.

Мисалы, адамдын дене мүчөлөрүнүн бөлүктөрүн атаган ***көз, баш, бут, кол*** сөздөрүнүн түз маанисинен сырткары "***адам***" өтмө мааниге да ээ: Канча ***бут*** кирсе, ошончо кут кирет (макал). Бул жерде канча көп ***адам*** кирсе, ошончо кут кирет дегенди түшүнөбүз. Мына, Иван Степановичтин ***көзү*** турат, отузунчу жылдар болчу. ***Көзү*** деген сөз синекдоха катары колдонулду. [1.309-б. Делбирим,] Мен бул дүйнөдө жападан жалгыз, коколой ***баш*** экенимди эсимден бир да жолу чыгарчу эмесмин [1.9; 229-б]. ***Баш*** деген сөздүн өзгөчөлүгү "***адам***" маанисинен сырткары "***мал***" башы катары да учурайт. Кыштоодо малдын ***башы*** азаюуда.

Айрым учурларда бүтүндүн бөлүктөрү аркылуу анын андан да майда бөлүктөрү жөнүндө түшүнүк берилет. ***Колун*** кесип алды дегенде - анын бир манжасын эле түшүндүрүүдө. Болуптур, эртең көрүшкөнчө!- деп ***колун*** бек кыстым. [1.Ч.А.Делбирим 306-б].

Кээде бир топко нерсенин заттын атын билдирген жалпылама сөздөр ошол топтун конкреттүү бир түрү болуп саналган зат жөнүндө да түшүнүк берет. Мисалы: Таң жаңы супа салды, ***дүйнө*** али уйкуда…[1.6; 242-б.] Мында ***дүйнө*** жекелик түр аркылуу жалпылыкты билгизди.

- Кеме кыйкырганыңа, чакырганыңа карабай караан үзөт, айлананда ***жан*** жок, толкундар, деңиз гана. [Ч.А Кассандра тамгасы.228-б]. Бул мисалда болсо абстрактуу маани конкреттүү түшүнүк катары колдонулду. Көп учурларда дал ушундай синекдохалар сөздүн туунду мааниси алгачкы маанисине караганда окурманга жакын, түшүнүктүү боло алат.

Айрым учурда сан, сын атоочтор затташып конкреттүү мааниде болуп синекдохалык мааниде колдонулат. Бирок аны бул деңизге ***бирөө*** таштап кетти да. [1.6; 229-б.] Бул биздин ***кенжетайыбыз***! ***Кенжетай*** бул мисалда синекдоха болуп келди.

Адамдардын, айрым бир табигый мүнөзү, сапаттык бөтөнчөлүктөрү бүтүндүн бөлүгү катары оозеки жана жазуу кепте да синекдоха катары кеңири колдонулат.

Аны өлтүргүлө ***бетпакты*** таап, ошол жерден өлтүргүлө (1.6; 346-б.).

Сен ***акмак !*** башкалардын өмүрү сага оюнчукпу, ыя?![11; 308-б.]

Сөздөрдүн синекдохалык жактан маанисинин жаңыланышы алардын семантикалык жактан өнүгүшүнүн алгачкы этабын түздү. Демек, заттардын нерселердин ортосундагы сандык катыштык-байланыштын негизинде жаңы маани пайда болот.

Синекдоха өтө ар тараптуу, кыргыз тилинде аз изилденген бир катар тактоолорго муктаж стилистикалык фигура. Ошону менен катар синекдоханын метонимия терумининен так, даана ажыратып кароодо талаш жарата турган маселелер арбын экендиги байкалды. Синекдоха боюнча тактоолор анын өзгөчө троп катары, дагы да изилдөөлөрдү талап кылаары бышык.

Адабияттар

1. *Айтматов Ч. Томдуктар: 1;6;9;.*
2. *Алиева Ф. Кыргыз тилинин стилистикасы боюнча көнүгүүлөр жыйнагы.- Б., 2015.*
3. *Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: стилистиканын жалпы маселелери.1-китеп. -Бишкек- Ош:-Кыргызстан,2000.*
4. *Головин Б.Н. Основы культуры речи.-2-е., испр. – М.: Высшая школа, 1988.*
5. *Кожина Н.М. Стилистика русского языка. 2-е изд., перераб. и доп., -М.: Просвещение,1983.*
6. *Панфилов А.К.Сборник упражнений по стилистике русского языка.-М.:Просвещение,1989.*
7. *Розенталь Д.Э. Практическая стилистика русского языка.- М.: Высшая школа,1974.*
8. *Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы.-Б., 2012.*